# Кичинекей жолборс



Автор: Назгуль Кулматова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

# Кичинекей жолборс

Автор: Назгуль Кулматова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кичинекей  жолборс" (кыргыз тилинде), автор Назгуль Кулматова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, которгон Талгат Деркембаев

*Тигрёнок*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жай. Күн ысык. Кыймылдагандан эринип, үйгө баргың келбейт дейсиң.

Салия турниктин эң үстүнө чыгып, узун сом темиринде отурат.

Наргиза  топ тоголотуп жүрөт. Алик маймылдай болуп,

турникке жармашып салаңдап турат. Мен болсо далымды тик түшмөнүн темирине такап отурам.

– Атам мага кичинекей жолборс алып келип берди, – деди Салия бир маалда.

Жанатан бери эригип отурганыбызды заматта жел айдап кеткендей болду.

Салиянын атасы булар менен чогуу жашабайт. Ал башка өлкөдө жашачу. Атасынын Салияга жолборстун баласын алып келгени бизге жаңылык болду.

– Жолборстун күчүгү?

– Чыныгы жолборстун баласыбы?

– Калп айтпачы! Далилдечи!

– Аны кайда багып жатасың? Үйүңөрдөбү?

Биз  чыйырчыктардай ызылдап жибердик.

– Чаарала келген чыныгы амур жолборсу. Ал азыр кичинекей болгондуктан бардык нерседен коркот. Ошондуктан биз аны эч кимге көрсөтпөй жатабыз. Ал менин бөлмөмдө жашайт. Керебетимде уктайт. Үйгө бирөө  келсе, балконго чыга качат. Биз  бешинчи кабатта жашайт эмеспизби! Кокус ал коркуп балкондон секирип кетсе, өлүп калбайбы. Атам алып келип берген жолборстун күчүгү мен үчүн аябай кымбат, – деди Салия турниктен түшүп келип, бөйрөгүн таянып туруп.

Биз эмне кыларыбызды билбей отуруп калдык.

– Ой, ий! Жолборстун баласы. Чыныгы жолборс. Анан калса тирүү. Амурдан алып келген. ЖОЛБОРСТУН КҮЧҮГҮ.

Бүгүн  Салиянын жылдызы жанды.

Ал жолборсунун үлпүлдөк, жумшак, жакшынакай экенин айтып турду. Анын таптакыр тиштебей турганын, эркелегенин, мышыктан чоң, овчаркадай бойлуу экенин айтты. Кичинекей жолборс Салияны жакшы көрөрүн, артынан такыр калбай ээрчип жүрөрүн, эч айрылгысы келбегенин мактанып айтып берди.





Кеч киргенде, баарыбыз үйгө тарап кеттик. Туулган күнүмдө мага бир эле белек – кичинекей жолборс алып бергиле дедим.

Үйдөгүлөрдүн бардыгы мени шылдыңдап каткырышты. Мен Салиянын атасы белекке жолборстун күчүгүн бергенин айттым. Мага эч ким ишенген жок. Кичинекей балага кандай киши жарткыч жаныбарды алып берет?” – деп атам таң калды.

Бир жума бою Салия бизге өзүнүн жолборсу жөнүндө айтып жүрдү.

"Бир эле көрсөтүп койчу! Бардык нерсебизди сага беребиз", - дедик биз анын артынан ээрчип алып.

Салия жолборстун күчүгү жакшы көрөт дегенинен, биз ага шоколад белекке берип жаттык.

Кайсы шоколад кимдики экенин жолборстун күчүгүнө айтып кой дедик. Кичинекейлерге таттууну көп жегенге болбой тургандыктан, Салия да бул шокаладды бөлүшүп жегенге туура келет.

Бирок ал өзүнүн жолборсун ушунчалык жакшы көргөндүктөн, өзүнүн тиштерин да аябай, жегенге даяр.

Бул кереметтүү жума ушинтип аяктады. Биздин чөнтөгүбүз да жукарды.

Каткан шоколаддар да түгөндү.

Ошондо кимисинин айтканы эсимде жок.

– Бирөө "менин ата-энем жолборстун күчүгү батирде жашабайт экен" деди.

– Мага да ошентип айтышты! – деди дагы бири.

– Мен да ошентип ойлойм.

– Эмне мени алдап жатат деп ойлойсуңарбы? – деди Салия.

– Жок. Койсоңчу!

– Албетте, жок!

– Биз бүгүн жолборстун күчүгүн жуунтабыз. Мен кетишим керек, – деди Салия.

Бардыгыбыз бир дем менен үшкүрүп жибердик. Жолборсту жуунткан велосипед тепкенден жакшы болсо керек!

Бирок биздин ар бирибиздин жан дүйнөбүздө күмөн пайда болду.

Биз улам-улам жолборсту коомчулукка көрсөтүшүн Салиядан талап кыла баштадык.

Ар бирибиз коромжу болгон шоколадга кейидик. Мындан ары көрбөгөн жолборс үчүн

шоколад бергибиз келбей калды.

Эгерде аны өз көзүбүз менен көрсөк, иш башкача болмок.

Эмнеге Салия бизди жолборс менен тааныштыргысы келбей жатат? Себеби, баарыбыз – мен, Алик, Наргиза жаман деле балдар эмеспиз го!



Ошондон баштап Салия бизден кача баштады. Ал көчөгө чыкса да, башка балдар менен ойноп калды.

Бир күнү биз иштин жайын өзүбүз териштирели деп чечтик. Үчөөбүз бешинчи кабатка Салиянын батирине көтөрүлдүк. Көпкө чейин коңгуроону басканга даабай турдук. Бирок артка эч нерсени билбей кеткибиз келген жок. Бардыгыбыз эле тирүү жолборс бар болсо экен деп тилек кылдык. Бири-бирибизди түрткүлөп жатып, эшиктин коңгуроосун бастык. Эшикти Салиянын апасы Надя эже ачты.

– Саламатсызбы, Надя эже! – деп баарыбыз кыйкырып жибердик. Эмнеге кыйкырганыбызды өзүбүз да билбей калдык. Кыязы, катуу учурашсак, бизди жакшы түшүнөт деп ойлосок керек.

– Саламатсыңарбы, балдар! Азыр Салияны чакырып коём, – деп Надя эже бизге жылмайды.

– Салиянын кереги жок, Надя эже! Биз сизден эле бир нерсе тууралуу сурайлы дегенбиз.

– Эмнени сурайсыңар? – деп эже дагы күлдү.

Биз унчукпай калдык. Анткени менен чындыкты сүрүштүргөн аябай оор экен.

– Силердин үйүңөрдө жолборстун күчүгү барбы? – дедим мен .

– Салияга атасы белекке бергени чынбы? – деп Алик коштоп кетти.

– Жолборс азыр балконуңардабы? – деп Наргиза да мойнун созду. Ал ушинтсем жолборстун күчүгүн көрүп калам деп ойлоду окшойт да.

– Чын эле, ал шоколад жегенди жакшы көрөбү? – деп шоколад чогулткан кутум бошоп калганына ичим күйүп турду.

– Чын элеби?...

Биз ушинткен сайын Надя эженин көздөрү алайып, кабагы бүркөлө баштады.

– Кана эмесе, токтоткула! Салия! – деп кызын чакырды Надя эже.

Бирок Салия чыккан жок. Апасы унчукпай үшкүрүнүп, бир маалда:

– Жок. Бизде эч качан жолборс болгон эмес. Салиянын атасы көптөн бери келе элек.

Балкондо гүлдөр жана Салиянын велосипеди гана бар. Жолборстун күчүгү эч качан шоколад жебейт, – деди.

Надя эже аябай боорукер, жакшы киши. Ошондуктан биз аны аябай жакшы көрөбүз. Эми үчөөбүз чаржайыт суроолорду бергенди токтоттук. Бардыгыбыз унчукпай калдык. Надя эже да айтып бүтүп, каалганы жаап койду.



Биз бешинчи кабаттан тоого чыгып бараткандай оор түшүп бараттык.

Бизге аябай кыйын болду.

– Надя эжени капа кылып койдук окшойт.Туура эмес болуп калды, ээ?... – деди Наргиза.

– Айтпа, – дедим мен.

– Эмнеге Салия чыккан жок? – деп Алик сурады.

– Билбейм.  Калп айтканынан уялса керек, – деп боолголоду Наргиза.

Биз Салияга наараазы болуп калдык.

– Ай, Салия! Ушунчалык калпычы белең. Эшикке чыгып эле көрчү. Жолборс жөнүндө ушунча ойлоп тапканын кара! – деп күйгүлтүккө түшүп жаттык.

– Мен мунун калп экенин мурда эле билгем! – деди Алик.


– Мен деле билгем. Бирок айткым келген эмес!


– Мен да!

Биз эч кандай жолборстун күчүгү болбогондугуна башынан эле ишенген эмеспиз деп бири-бирибизден ашып кетип жаттык.

Ал күнү да, кийинки күндөрү да Салия сыртка чыккан жок.

Салия эмне болду деп сарсанаа боло баштадык. Биз аны калп айтканы үчүн жазалайлы деп ойлогонбуз. Аны менен сүйлөшпөй, ойнобой койсок дегенбиз. Бирок биздин оюбуз ишке ашкан жок. Көрбөгөн киши менен ойнобой коюу, сүйлөшпөй коюу абдан оор экен.





Биз кайра Салиянын үйүнө, бешинчи кабатка жөнөдүк.

Жолдон кимибиз эми сени менен ойнобойбуз деп айтабыз деп талашып бараттык. Бул сөздү ар бирибиз биринчи болуп айткыбыз келди.

Бул сапар эшикти Салия өзү ачты.

Ал өңүнөн азып кетиптир. Бизге жылмайган да жок. Өзү канчалык олуттуу көрүнсө да, мурда эриндери күлүп турчу эмес беле.

– Эмне эшикке чыкпай, үйдө отурасың? – дедим мен.

– Карасаң, өңү купкуу болуп кетиптир го, – деп Наргиза да кошулду.

– Сени жазалашкан окшойт,– деп Аликтин да ачуусу келип бурк этти.

– Кел, Надя эжеге биз мунун баарын өзүбүз ойлоп тапканбыз дейли. Ошондо сени сыртка чыгарат, – деп бирибизден-бирибиз өтүп сүйлөп жаттык.


Ушул маалда Салиянын көзүнөн жаш тегеренип кетти.

Бизге ушундай көрүндүбү, билбейм. Ал жылмайды.

Биз Салияны эшикке сүйрөп чыктык. Кайрадан кубалашмак ойноп, короону жаңырта кыйкырып жүрдүк.

Кээде гана арабыздан бирибиз:

– Мага да кичинекей жолборс белек кылса гана! – деп кыялдана калчу болдук.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Назгуль Кулматова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли